**"Б Е К И Т Е М"**
К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университеттин ректору
_______________
э.и.д., проф. С.А. Өмүрзаков
2019-ж. 26 - август

Окуудан сырткары иштер (тарбия), мамлекеттик тил жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректордун

**КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ**

1. К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин уюштуруу-тарбия иштерин, коомчулуктар менен байланыштарын жалпысынан жөнгө салуу, көзөмөлдөө, мамлекеттик тил саясатын жүзөгө ашыруу.

2. Ректор тарабынан берилүүчү ыйгарым укуктарга ылайык чарбалык иштерге профессор-окутуучулар курамынын, студенттердин көмөк берүүсүн уюштуруу, жөндөө (ишембиликтер, тазалык акциялары ж.у.с.).

3. Коомдук тартип жана коопсуздук боюнча иш-аракеттерди уюштуруу, көзөмолдөө.

4. Тарбия иштерин тийиштүү алып баруу максатында чыгармачылык, коомдук, спорттук, укуктук маанидеги ар кыл клубдардын, ийримдердин жана башка студенттик бирикмелердин, өзүн өзү башкаруу уюмдарынын ишин уюштуруу, көзөмолдөө.

5. К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин профессор-окутуучулар курамынын кураторлук ишин көзөмөлдөө жана ЭАУнун Кураторлор кеңешининин ишмердигин жөндөө, көзөмөлдөө.

6. Жатаканада турган студенттердин жашоо-тиричилик шарттарын көзөмөлдөө.

7. К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетте маданий, коомдук, спорттук, майрамдык ж.у.с. иш-чараларды уюштуруу, көзөмөлдөө.

8. Студенттердин ата-энелери менен окуу жайдын ортосундагы мамилелерди уюштуруу, илгерилетүү.

9. Окуу жайдын кызматкерлеринин, студенттеринин республикалык, областтык, шаардык деңгээлдеги коомдук, маданий, спорттук иш-чараларына активдүү катышуусун камсыздоо.

10. Студенттердин социалдык жактан чабал катмарларына жардам көрсөтүү, жеңилдиктерди берүү маселелерин кароо, илгерилетүү.

11. Окуу жайдын ишмердиги боюнча маалыматтарды массалык маалымат каражаттарында жайылтуу, оң аброюн түзүү.

12. Университеттин бардык окуу бөлүмдөрүндө (факультет, кафедра, колледж, цикл) уюштуруу-тарбия иштерин көзөмөлдөө.

13. Университеттин тарбия, маданият, спорт, студенттердин өзүн өзү башкаруу, жаштар иштери боюнча бардык түзүмдүк уюмдардын иш-аракетин көзөмөлдөө.

14. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү тармагында жаштарга билим берүү жана тарбиялоо багытында мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу.

15. Мамлекеттик тил саясатынын жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын ишмердигине тийиштүү иш-аракеттерин илгерилетүү, жүзөгө ашыруу, көзөмөлдөө.

Түзгөн:
Окуудан сырткары иштер (тарбия), мамлекеттик тил
жана коомчулук менен байланыштар боюнча проректор,
филол.и.к., проф. А.С. Жолдошбаев ______________